**БЕКИТЕМИН**

**Мектеп директору**

**_____________Б.Акматов**

## *М.Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин 2019-2020 окуу жылына түзүлгөн китепкананын иш – планы*

| № | Иш чаралардын аты | Иштин түрү | Ким атакарат |
|---|---|---|---|
| Сентябрь | | | |
| 1 | Жаны окуу жылына иш план түзүү | План | китепканачы |
| 2 | Отчет Д-10 | Форма Д-10 | китепканачы |
| 3 | Формуляр толтуруу | Китептердин формулярын толтуруу | Китепканачы Кл.жетекчилер |
| 4 | Рейд журналын түзүү | Эки жумада бир рейд жүргүзүү | китепканачы, |
| 5 | «Элдин дили анын тилинде» | Буклет чыгаруу | китепканачы |
| Октябрь | | | |
| 1 | «Ысык Көл областына 80 жыл» | Дубал газета уюштуруу | китепканачы |
| 2 | Кыргыз эл жазуучусу прозаик К.Жантөшевге 115-жыл | Дубал газета | китепканачы |
| 3 | «Карыларга жардам» | Айылдык кары адамдарга жардам берүү (фото отчет) | китепканачы кл.жетекчилер, жаш тимурчулар командасы |
| 4 | Китептердин сакталышы | Рейд жүргүзүү | китепканачы |
| Ноябрь | | | |
| 1 | 2019-жыл «Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы» | Китепканада дубал газета түзүү | китепканачы |
| 2 | Мамлекеттик партиялык саясий ишмер Турдакун Усубалиевге 100-жыл | Буклет чыгаруу | китепканачы |
| 3 | Жомок китептерге саякат | Китеп көргөзмө 1-4-класстар | китепканачы кл.жетекчилер |
| 4 | Китептин сакталышы | Рейд | китепканачы |
| Декабрь | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | «1-декабрь Бүткүл Дүйнөлүк СПИДге каршы күн» | Дубал газета | китепканачы |
| 2 | Жазуучу Аман Саспаевге 90-жыл | Буклет | китепканачы |
| 3 | 12-декабрь « Кыргызстандын улуттук адабият күнү» | Буклеттер, китеп көргөзмө | китепканачы |
| 4 | Окуу китептерин текшерүү | Рейд | китепканачы |
| | Февраль | | |
| 1 | 23-февраль « Ата Мекенди коргоо күнү» | Буклет, дубал газета | китепканачы |
| 2 | Тазалык күнү | Китепкананы иретке келтирүү | китепканачы<br>окуучулар |
| 3 | Окуу китептерин текшерүү | Рейд жүргүзүү | китепканачы |
| | Март | | |
| 1 | «8-март апалардын майрамы» | Апалар жөнүндө дил баян | Китепканачы<br>Кл.жетекчилер |
| 2 | 21-март Нооруз майрамы | Стенд уюштруу | китепканачы |
| 3 | Улуу манасчы Уркаш Мамбеталиевге 85-жыл | Буклет, дубал газета | китепканачы |
| 4 | Окуу китептерин текшерүү | Рейд | китепканачы |
| | Апрель | | |
| 1 | 2-апрель Эл аралык балдар китептеринин күнү | Китеп көргөзмө | китепканачы |
| 2 | 7-апрель «Кыргыз Эл баатырларын эскерүү» | Стенд уюштуруу | китепканачы |
| 3 | 23-апрель Бүткүл Дүйнөлүк китеп күнү | Китеп көргөзмө, айылдык китепканага саякат,<br>«менин сүйүктүү китебим»<br>(эссе жазуу) | Китепканачы<br>Кл жетекчилер |
| 4 | Жазуучу, акын, драматург Зуура Сооронбаевага 95-жыл | буклет | китепканачы |
| 5 | Окуу китептерин текшерүү | Рейд | китепканачы |
| | Май | | |
| 1 | Улуу Жеңиш майрамына 75 жыл | Стенд, буклет, доклад | китепканачы |
| 2 | Көрүнүктүү саясий ишмер, чыгаан кыргыз башчысы Боронбай Бекмурат уулу 240-жыл | Буклет жасоо | китепканачы |
| 3 | Окуу китептерин жыйноо | Толук жыйнап алуу | китепканачы, кл.жетекчилер |

**Түзгөн китепканачы:** **Токтосунова Г**

# Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектеби

## Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин китепкана фондусуна 2019-2020-окуу жылына жетишпеген китептер боюнча табыштама

| № | Китептин автору | Китептин аталышы | Класс | Жетишпеген китептин саны |
|---|---|---|---|---|
| 1 | И.Б.Бекбоев | Математика | 1 | 40 |
| 2 | С.Рысбаев | Адеп алиппеси | 1 | 40 |
| 3 | Токтобаева Г | Т.Т.К.Н | 1 | 40 |
| 4 | Абдухамидова Б Рысбаев С | Адабий окуу | 2 | 20 |
| 5 | Д.К.Өмүрбаева | Русский язык 1-часть, 2-часть | 2 | 40 |
| 6 | Ысманова Ж В.Мусаева | Адеп | 2 | 40 |
| 7 | М.Касей | Музыка | 2 | 20 |
| 8 | Д.Акматов | Көркөм өнөр | 2 | 20 |
| 9 | Токтобаева Г | Т.Т.К.Н | 2 | 40 |
| 10 | А.Р.Акунова | Кыргыз тил | 3 | 40 |
| 11 | Е.А.Бухова | Мекен таануу | 3 | 20 |
| 12 | Ж.Ысманова | Адеп | 3 | 40 |
| 13 | Токтобаева Г | Т.Т.К.Н | 3 | 40 |
| 14 | М.Касей | Музыка | 3 | 30 |
| 15 | Д.Акматов | Көркөм өнөр | 3 | 25 |
| 16 | Ж.Ысманов | Адеп | 4 | 40 |
| 17 | И.Б.Бекбоев | Математика | 4 | 20 |
| 18 | Токтобаева Г | Т.Т.К.Н | 4 | 40 |
| 19 | Асаналиева А | Адеп | 5 | 50 |
| 20 | Ч.А.Абдышева | Англис тил | 5 | 20 |
| 21 | А.Калдыбаева | Адеп | 5 | 40 |
| 22 | А.Муратов,Р.Асакеева | Кыргыз адабияты | 5 | 10 |
| 23 | А.К.Койлубаева | Кыргыз тили | 5 | 10 |
| 24 | Ө.Осмонов | Адам жана коом | 5 | 10 |
| 25 | Ч.Мамбеталиев | Технология | 5 | 10 |
| 26 | Т.Р.Орускулов | Информатика | 5 | 10 |
| 27 | С.К.Кыдыралиев | Математика | 5 | 10 |
| 28 | А.Асаналиева | Адеп | 6 | 40 |
| 29 | Ч.А.Абдышева | Англис тил | 6 | 10 |
| 30 | А.Муратов,Р.Асакеева | Кыргыз адабияты | 6 | 10 |
| 31 | А.К.Койлубаева | Кыргыз тили | 6 | 10 |
| 32 | Ө.Осмонов | Адам жана коом | 6 | 10 |
| 33 | Ч.Мамбеталиев | Технология | 6 | 10 |
| 34 | Т.Р.Орускулов | Информатика | 6 | 10 |
| 35 | С.К.Кыдыралиев | Математика | 6 | 10 |
| 36 | С.К.Кыдыралиев | Математика | 6 | 10 |
| 37 | Э.М.Мамбетакунова | Физика | 7 | 40 |
| 38 | Ж.Назаралиева | Адеп | 7 | 30 |
| 39 | А.Байзакова | Алгебра | 8 | 20 |
| 40 | А.Д.Ботвиненко | Черчения | 8-9 | 40 |
| 41 | Э.Мамбетакунва | Физика | 9 | 30 |
| 42 | И.П.Задорожная | Орус тил | 11 | 30 |
| | | Баардыгы: | | 869 |
| | | | | |

Мектеп директор: Б.Акматов

Китепканачы: Г.Токтосунова

**Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектеби**

**Маалымат**

Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылына карата 23-апрель бүткүл Дүйнөлүк китеп күнү атайын түзүлгөн иш пландын негизинде өткөрүлдү.

«Китеп окуйсуңбу?» сурамжылоо боюнча 11-класстын окуучулары менен маек курулду. Азыркы жаштар китепке кызыкпаганы интернет булактарынан керектүү маалыматтарды алышаары ачык болбосо да байкалып турду.

Султангазиева Алия -М.Элебаевдин «Узак жол» чыгармасын окугандыгын айтты, Бекбосунова Бермет- «Өзүн издеген адам» деген темада китеп окугандыгын, Ишенбаев Н- Ч.Айтматовдун чыгармаларынан окугандыгын, Карабеков А- мектептеги окуу китептеринен Ч.Айтматовдун, М.Элебаевдин чыгармаларынан окугандыгын жана Абдразакова Элнара – «Сынган кылыч» Т.Касымбеков, «Манас», «Семетей» китептерин окугандыгын айтты.

Азыркы кезде 11-класстын окуучулары жакында боло турган бүтүрүү экзамендерине даярданып китепканадан предметтик китептерди алып окушууда.

Көпчүлүк керектүү маалыматтарды интернет булактарынан да алаарларын да ачык айтышты.

**Китепканачы: Токтосунова Г**


Улуу физиктер


Улуу физиктер
2019-4-25 11:36

## Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектеби

## Билдирүү

Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде 23-апрель «Бүткүл дүйнөлүк китеп күнүнө» карата мектеп окуучуларына линейка өтүлдү. Линейкада окуучуларга китептин тарыхы жөнүндө 9-класстын окуучусу Мусакова Тинатин маалымат окуп берди.

Көркөм айтуу боюнча 4а-класстын окуучулары Асамбекова Айназик, Темиров Талгат. 4б-класстан Бекбосунова Аэлина, Сабырова Назик көркөм айтып беришти.

Китепканада 1-4-класстарга китеп көргөзмөсү уюштурулду.

**Билдирүү жазган: Токтосунова Г**

## Китептин келип чыгыш тарыхы.

Китептин эң байыркы үлгүсү- Месотополиянын клинописи жана Египеттин папирус түрмөгү . Жазма китеп даярдоо б.з.ч. 7 –кылымдарда Египетте башталган. Анан Египеттен Грецияга Грециядан Римге өткөн. Алгачкы басма китеп Х1-кылымдарда Кытайда пайда болгон. Х111- кылымдардан баштап Европада негизги жазма материалдары катары кагаз колдонулуп 15-кылымда китеп басылып чыга баштаган . Орустардын байыркы кол жазмасы 11-кылымдарга таандык. Мисалы: Святославдын жыйнагы. 15-кылымдардагы И.Гутербегдин Европада китеп басылып чыгарылышы менен китеп тарыхында жаңы доор башталган. Ал 42 саптуу библяны полиграфиялык жол менен басып чыгарган. Т.Шеффер 1957жылы китепке оюм-чийимди түшүргөн. Россияда китеп басууга Иван Федоров жана Петр Метисловец биринчи жол ачып 1564- жылы “Апостол “ деген ат менен китебин басып чыгарган. 18-кылымдардын акырында кагаз машинкасы 19-кылымдын башында басма машинкасы колдонулган.ХХ-кылымдын башынан баштап фототехниканын жардамы менен китеп басылып чыга баштаган.


Китеп

Китеп (ар. — жазма) — 1) көлөмдүү басылма; 2) маалыматты сактоонун, аны муундан-муунга өндүрүмдүү өткөрүп берүүнүн бир формасы. Илим-билим, маданият, адабий-көркөм чыгармаларды жайылтуунун, сактоонун маанилүү каражаты. Ал коомдук мааниге ээ. Алгачкы китепти байыркы вавилондуктар, ассириялыктар ылайдан жасашкан. Алар жумшак ылай тактачага учтуу таякча менен өзгөчө белгилерди чийип жазышкан. Андан кийин тактачаны кургатып, отко бышырышкан. Мындай ылай тактачалардан китептер түзүлгөн. Ал эми Кытайда алгачкы китептер бекем жипке кабатталып өткөрүлгөн жука бамбук тактачалар түрүндө болгон. Кийинчерээк кытайлар кыл калемди тушка малып, жибекке жазышкан. Байыркы Египетте таш такталарга чегип, китеп жазышкан. Кийин алар папирусту ойлоп табышкан. Камыштын сөңгөгүн жалпайтып таптап, бири-бирине улаштырып, узундугу ондогон метрге жеткен тасма жасашкан. Жазуу жазылган мындай тасманы түтүк кылып ороп сакташкан. Египет папирусу ошол кездеги эң мыкты жазуу каражаты катары Байыркы Греция менен Римде да дээрлик 2 миң жыл пайдаланылган. Кийин Кичи Азиядагы Пергам падышалыгы учурунда (биздин заманга чейинки 2-кылым) жаңы жазуу материалы катары — айбанаттардын терисинен пергамент жасалган. Папирус менен пергамент өтө кымбат болгондуктан, Байыркы Грекия менен Римде аларды үнөмдөө үчүн адегенде мом чапталган тактачага учтуу таякча менен жазышып, андан кийин гана папируска же пергаментке көчүрүшкөн. Ал эми орто кылымдарда Комитети пергамент баракчаларынан жасалган дептерге кол менен









Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектеби

# Тегерек стол

# 9-май Улуу Жеңиш күнү «Эч ким эч качан унутулбайт







# Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектеби

**Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде 12-декабрь «Кыргызстандын улуттук адабият» күнүнө карата китеп көргөзмө уюштурулду**

Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин китепканасында 12-декабрь «Кыргызстандын улуттук адабият күнүнө» карата китеп көргөзмө болду. Бул көргөзмөдө китепканадагы улуу «Манас» бурчу, Ч.Айтматовдун бурчу, жомоктор бурчу жана жыл ичиндеги юбилярлар бурчтарын окуучулар көрүп чыгышты. 1-4-класстын окуучулары жомок китептерге көбүрөөк кызыгып, алып окушат. Жогорку класстардын окуучулары адабий китептерди алып окушат.

Китепканага бул иш чарага атайын бурч уюштурулган. Бул бурчта адабий чыгармачыл инсандар Ч.Айтматов, А.Осмоновдун сүрөттөрү жана башка маалыматтар коюлган.

Билдирүү жазган китепканачы:Токтосунова





**Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектеби**

**Билдирүү**

Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде март айында китепканага келген методикалык китептер менен мугалимдерди тааныштыруу болду. Мугалимдер методикалык китептерди окуп өздөрүнө керек китептерден жаздырып алышты.

Мектептин китепканасына келген методикалык китептерди мугалимдер кызыгуу менен көрүп өздөрүнө керек китептерин алып пайдаланып турушат.

**Билдирүү жазган: Токтосунова Г**





М.Темиров атындагы жалпы орто билим беруу мектеби

# Тегерек стол

# Тема: «12-декабрь Кыргызстандын улуттук адабият куну»

Китепканачы:Токтосунова Г

**Тегерек столдун стенограммасы: «12-декабрь улуттук адабият күнү»**

**Суроо: 1. 12-декабрь дагы эмнеси менен белгилүү?**
**2 Ч.Айтматов ким болгон?**

Текш! 12.12.17

**Катышуучулар:**
Токтосунова Гулшан М.Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин китепканачысы.
9-11-класстын окуучулары.

**Максаты:**

**Токтосунова Гулшан китепканачы:**
12-декабрь – кыргыз элинин залкары-улуу жазуучу Ч.Айтматовдун туулган куну. 2011-жылы Кыргызстандын акын, жазуучуларынын демилгеси жана Жогорку Кенештин депутатарынын колдоосу менен 12-декабрь - Адабият куну деп белгиленген.
Быйыл залкар жазуучунун 90-жылдыгы белгиленүүдө.
Биз Кыргызстандыктар, элибиздин руханий байлыгы менен, адабиятыбыз менен дүйнө элинин алдында сыймыктансак болот.
Улуттук адабиятыбыз мамлекетибиз менен кошо телчигип, өнүгүп-өстү. Элибиздин басып өткөн тарыхын, үмүтүн жана тилегин чагылдырып, билим таратты, тарбия- таалим берди.
Биз, азыркы муундун өкүлдөрү, адабиятыбызды, маданиятыбызды жана ата-бабаларыбыздын руханий дөөлөттөрүн терен урматтап, сыймыгына татыктуу болушубуз керек. Манас атабыздын башкы осуятын-көп этностуу Кыргызстандын биримдигин жана ынтымагын көздүн карегиндей сактап калууга милтеттүүбүз! Ата-бабаларыбыз кыялданган күчтүү, көз карандысыз, гүлдөп өнүккөн мамлекет курууга тийишпиз!

**Токтосунова Гулшан китепканачы**:
Дүйнө оомал-төкмөл болуп, айрыкча интернет күч алган мезгилде улуттук адабият алдында көп милдеттер турат. Жазуучуларыбыз жалпы журткачындыкты жеткирип, элдин үмүтүн, тилегин терен чагылдырып, жакшылыкка, жаратмандыкка жана өнүгүүгө шыктандырып турууга тийиш. Биз жаны таланттарды, элибиздин демине дем кошуп, сыймыгыбызды арттырган жаны чыгармаларды күтөбүз.
Акыркы жылдары жергебизде туруктуулук орноп, мамлекет тынч эмгекке, руханий дөөлөттөрүн терен изилдеп, өнүктүрүүгө өзгөчө көнүл бөлө баштады.
Келгиле балдар улуттук адабият күнү, Ч.Айтматовдун 90-жылдыгы тууралуу оюнарды айткылачы!

**Бекбосунова Бермет 10-класстын окуучусу**:
Менин оюмча, биздин адабиятыбыз бул биздин келечегибиз, сыймыгыбыз. Биз адабиятыбызды мындан да өнүктүрүүгө салымыбызды көп кошушубуз керек.
Дагы бир биздин сыймыгыбыз залкар жазуучубуз Чыңгыз Айматовдун 90-жылдыгы белгиленип жатат. Бул жазуучу кыргыз элине көөнөргүс, тарыхта чон из калтырган инсандарыбыздын бири болчу. Биз бул инсаныбыз менен сыймыктанышыбыз керек.

**Мирлан уулу Азиз 10-класстын окуучусу:**

Кыргыздын залкар жазуучусу Ч.Айтматовдун 90-жылдыгын жакшы денгээлде өткөрүшүбүз керек. Чыңгыз Айтматовдун кандай сонун чыгармалары бар, ал чыгармаларды бүткүл дүйнө эли билишет. Биз залкар жазуучубуз менен сыймыктанышыбыз керек. Бул күнгө дагы бир майрам болуп улуттук адабият күнү белгиленген. Улуттук адабиятыбыз да бизге тарыхта чон из калтыра турган майрам, бул күндү да сыймыктануу менен кабыл алышыбыз керек.

**Талантбек кызы Адина 10-класстын окуучусу:**

Мен да бул окуучулардын айткан ойлоруна кошулам. Биз кийинки муундар, жаштар залкар жазуучу ЧынгызАйтматовдун чыгармаларын бизден кийинки муундарга калтырып, жазуучунун чыгармаларын унутта калтырбай сактап беришибиз керек. Кыргыздын адабиятын кыргыз тилин дегеле кыргыздын каада-салттарын унутпай жакшы сактап муундан муунага калтырып мындан да өнүгүшүнө салымыбызды кошушубуз керек деп ойлойм.

**Токтосунова Гулшан китепканачы:**
**Аягында жыйынтыктасак дегеле Ч.Айтматов менен Кыргызстандын улуттук адабият күнү бекеринен чогуу белгиленбесе керек. Бул улуу инсан кыргыз элине жакшы чыгармаларын, жакшы асыл ойлорун, сөздөрүн калтырып кеткен. Биз кийинки муундар бул инсанды өзү жок болсо да артында калган чыгармалары менен таанып билип кийинки муундарга да таанытып калтырышыбыз керек. Келгиле балдар өзүнөрдү инилеринерге, синдилеринерге Чыңгыз Айтматов жөнүндө, улуттук адабият күнү тууралуу айтып кененирээк маалымат бергиле..**


Билим – кенч, эмгек
анын ачкычы
Тегерек стол


Билим – кенч, эмгек
анын ачкычы
Тегерек стол

# Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектеби

## маалымат

Марат Темиров атындагы жалпы оро билим берүү мектебиндеги «Жомок каармандары» сурот тартуу жана китепти коп окуган класс деген темада конкурс болду. Бул конкурска жомок каармандары сурот тартуу боюнча 2-4-класстарда

3б-класс  Кудайбергенов Нурэл , Асанкалиев Эмир Канашев Байчоро

3а-класс Кубатбеков Умар,Бурганакова Нурай, Мамырбеков Эрбол

2-класс Жанболотова Керемет,Атабекова Айтунук,Эсенгулова Самира, Орозова Аделя

4б-класс Муратова Аймери,Черикбаева Аделина,Касенова Раяна

Бул окуучулардын тарткан суроттору  жакшы деп табылып граммота менен сыйланышты.

Китеп окуу боюнча азыркы убакта «Окуу керемет» долбоору боюнча келген китептерди класс жетекчилер оздору таратып берип жаткандыктан коп окушпай эле.

4а-класстын окуучулары китепкандан китеп алып окуп жатышкандыктан граммота берилди.

Китепканачы: Токтосунова Г

Усонбекова Гузеля




**Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектеби**

**Маалымат**

Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылына карата 23-апрель бүткүл Дүйнөлүк китеп күнү атайын түзүлгөн иш пландын негизинде өткөрүлдү. Китеп көргөзмөдө айылдын «Туратова Разия» атындагы китепканага, китепканачы Нуржан эжебиз менен бирдикте башталгыч класстын окуучулары болуп саякат жасап келдик. Бул көргөзмөдө окуучулар айылдык китепкананы көрө электерин айтышып, өздөрү кызыккан китептерди окуганга алышты. Китепканачы эжей окуучуларга китеп жөнүндө кызыктуу маек куруп берип, кирип китеп алып окуп турганга чакырды.

Андан кийин мектеп ичиндеги китепканага кирип атайын улуу жазуучубуз Чынгыз Айтматовдун бурчун, жомоктор бурчун жана адабий китептер бурчун көрүп чыгышты. Мектептин китепканасына башталгыч класстын окуучулары көп кирип жомок китептерди алып окуп турушат. Биздин мектептин китепканасына «Бирге окуйбуз» долбоорунун негизинде 120 ар кандай жомок китептер белекке берилип окуучуларыбызга жакшы жагдай түзүлгөн.

**Китепканачы: Токтосунова Г**


2019-4-24 10:39



# Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектеби

Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин 5-11-класстарынын окуучулары октябрь айында карылар күнүнө карата айыл ичиндеги кары адамдарга барып жардам кылышат.

5а-класс класс жетекчиси Токтобекова Кундуз эжейи менен Сейдакмат көчөсүнүн жашоочусу Молдалиев Асамбек атанын алмасына жардам беришип, атанын алкыш сөзүн, ак батасын алып, ата менен сүрөткө түшүп келишкен.

6б-класс класс жетекчиси Сыдыкакунова Нуржан эжейи менен Караназар көчөсүнүн жашоочусу Бейшеналиева Канышай эненин үйүнө барып картошка сорттошуп жардам берип келишити.

10-класс класс жетекчиси Тукеева Жыпаркүл эжей менен Асаналиева Анаркүл эненикине барып картошкасын теришип жардам берип келишти.

Жыл сайын октябрь айында мектептин окуучулары айылдын кары адамдарына жардамдарын берип келишет.

Китепаканачы:Токтосунова Г



